Алиева Р.А., Сакиева С.С.

# МУГАЛИМДЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ СИСТЕМАСЫНЫН ФУНКЦИЯЛАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Алиева Р.А., Сакиева С.С.

# ФУНКЦИИ И ОБЯЗАННОСТИ СИСТЕМЫ ПОВЫШЕНИЯ КВАЛИФИКАЦИИ ПЕДАГОГА

Alieva R., Sakieva S.

# FUNCTIONS AND RESPONSIBILITIES OF THE TEACHER DEVELOPMENT SYSTEM

УДК: 37.01

Макалада мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу өмүр бою билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналгандыгы каралган. Квалификацияны жогорулатуу системасы үзгүлтүксүз билим берүү системасынын бир бөлүгү катары мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатууга, алардын билим берүү чөйрөсүндөгү жаңы маселелерди ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берүүчү кесиптик компетенцияларды өздөштүрүүсүнө колдоо көрсөтүүгө тийиш. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу юридикалык жактар тарабынан Кыргыз билим берүү институту, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу институттары, жогорку окуу жайлары жана илимий уюмдар же мекемелер менен юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен түзүлгөн келишимдер боюнча жүргүзүлөт. Квалификацияны жогорулатуу системасы бир катар ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынары, алар тигил же бул даражада максаттарды, милдеттерди жана функцияларды чагылдырары изилденген.

***Ачкыч сөздөр:*** реформа, стратегия, концептуалдык негизи, инвентаризациялоо, оптималдаштыруу, рационалдаштыруу.

В статье указано, что повышение профессиональной квалификации учителей является неотъемлемой частью непрерывного образования. Система повышения квалификации как часть системы непрерывного образования должна поддерживать профессиональное развитие педагогов и приобретение ими профессиональных компетенций, позволяющих успешно решать новые задачи в сфере образования. Подготовка учителей осуществляется юридическими лицами на основании договоров, заключенных за счет средств юридических лиц с Кыргызским институтом образования, педагогическими институтами, высшими учебными заведениями и научными организациями или учреждениями. Изучено, что система повышения квалификации регулируется рядом нормативно-правовых актов, которые в той или иной степени отражают цели, задачи и функции.

Ключевые слова: реформа, стратегия, концептуальная основа, инвентаризация, оптимизация, рационализация.

The article states that improving the professional qualifications of teachers is an integral part of lifelong education. The professional development system, as part of the continuing education system, should support the professional development of teachers and their acquisition of professional competencies that allow them to successfully solve new problems in the field of education. Teacher training is carried out by legal entities on the basis of agreements concluded at the expense of legal entities with the Kyrgyz Institute of Education, pedagogical institutes, higher educational institutions and scientific organizations or institutions. It has been studied that the system of advanced training is regulated by a number of regulations, which to one degree or another reflect the goals, objectives and functions.

Keywords: reform, strategy, conceptual framework, inventory, optimization, rationalization.

Азыркы кезде мамлекеттин да, коомдун да билим берүү системасына болгон талабы күчөп жатат, анткени бул тармакка карата көз караштар ар түрдүү жана талаптар да ошого жараша. Айрыкча мугалимдердин кесиптик деңгээли, алардын заманбап даярдыгы бул жерде өтө маанилүү деген менен, мугалимдин билим деңгээли кесиптик чеберчилигинен бааланат, аны үчүн чыгармачылык изденүү менен эмгекти талап кылат.

Ар кандай билим берүү системасынын сапаты жана эффективдүүлүгү мугалимдердин эмгегинен көз каранды. Ошондуктан, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун деңгээли жана мүмкүнчүлүгү, тийиштүү колдоо системасы жана кесиптик өсүү үчүн мотивация маанилүү [1, 144-148б.]. Жогорку сапаттагы билим берүү системасына өз квалификациясын тынымсыз жогорулатып,

билим берүү мейкиндигинде болуп жаткан өзгөрүүлөргө жооп берген мугалимдер болгондо гана ийгиликтүү жетишүүгө болот. Билим берүү системасында жүргүзүлүп жаткан реформанын контекстинде, жалпы билим берүүнүн жаңы Мамлекеттик стандартын (2021-ж.) ишке киргизүү, компетенттүүлүккө негизделген билим берүүнүн натыйжаларына жетишүүгө багытталган, мугалимдер инновациялардын жана өзгөрүүлөрдүн кубаттуу булагы боло алат. Мугалимдердин колдоосу билим берүү тармагындагы стратегияны жана программаларды ийгиликтүү ишке ашыруунун эң маанилүү өбөлгөсүнө айланууда [6, 31-34б.].

Квалификацияны жогорулатуу системасы үзгүлтүксүз билим берүү системасынын бир бөлүгү катары мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатууга, алардын билим берүү чөйрөсүндөгү жаңы маселелерди ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берүүчү кесиптик компетенцияларды өздөштүрүүсүнө колдоо көрсөтүүгө тийиш. Алдыңкы чет мамлекеттердин тажрыйбасын талдоону эске алуу менен, педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуунун жаңы моделинин концептуалдык негизи эл аралык билим берүү коомчулугу тарабынан кабыл алынган парадигма – “өмүр бою билим алуу” болуп саналат, ал мугалимдерди өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү ишке ашырууга, окутуунун сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга жана кесипкөйлүккө багыттоого багытталган [3].

Изилдөөнүн методдору менен материалдары

Функционалдык талдоонун максаты – квалификацияны жогорулатуу системасы аткарган функцияларды инвентаризациялоо, стандартташтыруу жана оптималдаштыруу. Функционалдык талдоо төмөнкү максаттарга жетишүүгө багытталган:

1) билим берүү системасындагы квалификацияны жогорулатуу системасынын ролун жана ордун аныктоо.

2) милдеттерди жана функцияларды тактоо: функцияларды рационалдаштыруу жана бөлүштүрүү, функцияларды кошуу же жоюу, кайталоону жоюу.

3) түзүмүн жана ишин тартипке келтирүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу, сунуштарды, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына мүмкүн болуучу өзгөртүүлөр боюнча иштеп чыгуу [4].

Мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу өмүр бою билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун негизи болуп квалификацияны жогорулатуу үзгүлтүксүз байланышта болгон жана ага негизделген кесиптик билим саналат. Мында квалификацияны жогорулатуу системасынын милдети билим берүүнүн сапатына жетишүү үчүн практикалык ишмердүүлүк процессинде мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу процессин камсыз кылуу же жеңилдетүү болуп саналат.

Квалификацияны жогорулатуу системасы бир катар ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат, алар тигил же бул даражада максаттарды, милдеттерди жана функцияларды чагылдырат [4]. «Билим берүү жөнүндө» мыйзамда мугалимдин квалификациясын жо горулатууга укугу
жана милдети белгиленген.

Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы аныктаган тартипте мамлекеттин эсебинен өздөрүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга. Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:
- 5 жылда бир жолудан кем эмес кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга;




Ушул эле укуктар “Мугалимдин статусу жөнүндө” мыйзамга киргизилген: Мугалим беш жылда бир жолудан кем эмес белгиленген тартипте... квалификациясын жогорулатууга укуктуу (5-берене). Мугалим төмөнкүлөргө милдеттүү: өзүнүн педагогикалык билимин жана чеберчилигин дайыма жогорулатууга. Ушул мыйзамдын 18-беренесинде “Мамлекет мамлекеттик мектептерде, бардык типтеги мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелерде педагогдордун квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүүгө кепилдик берет [4].

Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу юридикалык жактар тарабынан Кыргыз билим берүү институту, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу институттары, жогорку окуу жайлары жана илимий уюмдар же мекемелер менен юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен түзүлгөн келишимдер боюнча жүргүзүлөт”.

Кыргыз Республикасында педагогдордун адистик чеберчилигин жогорулатуунун структурасы

Натыйжалар менен талкуулоолор

- Педагогикалык кызматкерлердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу жөнүндөгү жобосу:
- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу юридикалык жактар тарабынан Кыргыз билим берүү институту, мугалимдердин билимин өркүндөтүүнүн областтык институттары, жогорку окуу жайлары жана илимий уюмдар же мекемелер менен келишимдер боюнча юридикалык жактардын каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылат.
- Мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатуу өмүр бою билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп, адамдын көз карашын кеңейтүүгө, педагогикалык инновацияларды киргизүүгө, мугалимдин чыгармачылыгын жана кесиптик мобилдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган процесс.
- Кыргыз Республикасында педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну Кыргыз билим берүү академиясы, облусттук педагогикалык кадрларды өркүндөтүү институттары жана илимий методикалык борборлор, ошондой эле облусттук, райондук (шаардык) бөлүмдөр саналат жана мугалимдердин профессионалдык компетентүүлүгүн жогорулатуу боюнча конкреттүү милдеттерди ишке ашырат.
- Мамлекет педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну жүзөгө ашыруучу мамлекеттик мекемелердин чыгымдарын өзүнө алат.
- Квалификацияны жогорулатууну уюштуруунун негизги принциптери.
- Республикада педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун негизги формалары болуп жогорулатуу курстары, семинарлар, стажировкалар, усулдук жана өзүн-өзү тарбиялоо иштери саналат.
- Кыргыз билим берүү академиясы, аймактык ИУ жана ЖМБ курстардын ар кандай түрлөрүн (2 жумалык, көйгөйлүү, тематикалык, максаттуу, туруктуу, күндүзгү, дистанттык, сырттан окуу, визиттик) авторлук жана көйгөйлүү семинарларды жеке программалар боюнча тренингдер өткөрүшөт.
- Республикада педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун узактыгы, аларды өткөрүүнүн формасы жана мөөнөттөрү квалификацияны жогорулатуучунун

- милдеттерине суроо- талаптарына жана муктаждыктарына жараша. Квалификацияны жогорулатуу курстарынын узактыгы 72 академиялык сааттан кем болбоого тийиш.
- Квалификацияны жогорулатуу тиешелүү тестти, экзамендик тапшыруу, реферат же бүтүрүү ишин коргоо менен аяктайт. Окуу планынын бардык талаптарын аткарган мугалим квалификациясын жогорулатуу боюнча сертификат алат.
- Акыркы беш жылдын ичинде тиешелүү сертификаттар менен тастыкталган, жалпы саны 72 аудиториялык сааттан кем эмес ар кандай семинарларга катышкан мугалим квалификациясын жогорулатууну аяктаган деп эсептелинет.

Кыргыз билим берүү академиясы республиканын педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуунун негизги илимий-методикалык борбору катары мугалимдердин билимин жогорулатуу институттарынын жана усулдук билим берүү борборлорунун (окуу-методикалык кабинеттердин) ишин координациялоочу ролду алды [3]. Анын негизги милдеттери төмөнкүлөр:

1. Республиканын педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча билим берүү уюмдарынын ишин жалпы жетектөө жана координациялоо;
2. ЖОЖдон кийинки билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик- коомдук системасын түзүү;
3. Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу системасын, мазмунун жана формаларын өнүктүрүүнүн перспективаларын изилдөө;
4. Педагогдордун жаңыланган билимге болгон муктаждыктарын ыкчам канааттандыруу;
5. Психологиялык-педагогикалык илимдин акыркы жетишкендиктеринде педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну ишке ашыруу;
6. Билим берүү уюмдарына инновацияларды киргизүү үчүн шарттарды түзүү, окуу процессине заманбап педагогикалык технологияларды үйрөнүү жана киргизүү;
7. Окутуу жана тарбиялоо процессин өркүндөтүү, аны жогорку сапаттык деңгээлге көтөрүү боюнча педагогикалык жамаатка теориялык жана практикалык жардам көрсөтүү;
8. Республиканын педагогикалык курамын сапаттуу аттестациялоого көмөк көрсөтүү;
9. Республиканын педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуу үчүн илимий жана окуу материалдарын иштеп чыгуу;
10. Билим берүү органдарына жана педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуучу билим берүү уюмдарына консультациялык жардам көрсөтүү;
11. Приоритеттүү багыттарды аныктоо аркылуу педагогикалык жамааттын усулдук жана өз алдынча билим берүү иштерин координациялоо;
12. Илимий- методикалык жардам көрсөтүү жана жаңы типтеги мектепке чейинки уюмдардын, мектептердин жана башка билим берүү уюмдарынын моделдерин иштеп чыгуу;
13. Квалификациясын жогорулатуу системасы үчүн илимий- педагогикалык кадрларды даярдоо;
14. Окуу процессин өркүндөтүү боюнча эксперименталдык иштерди уюштуруу, программаларды жана окуу куралдарын эксперименталдык жана эксперименталдык тестирлөөгө катышуу;
15. Үзгүлтүксүз квалификацияны жогорулатууну камсыз кылуу үчүн илимий эмгектерди, окуу китептерин, рекомендацияларды, окуу- методикалык материалдарды басып чыгаруу;
16. Алар менен биргеликте рекомендацияларды, окутуу программаларын иштеп чыгуу, ошондой эле өмүр бою билим берүү системасында окутуунун негизги түрлөрү үчүн педагогикалык кадрларды даярдоо үчүн эл аралык уюмдар менен ишкер байланыштарды түзүү;
17. Келечектеги жана учурдагы иштердин пландарын, алдыңкы тажрыйбаны жалпылоо боюнча материалдарды, илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды, олимпиадаларды, «Жылдын мыкты мугалими» конкурстары;
18. Мугалимдердин билимин жогорулатуу институттарынын, усулдук билим берүү борборлорунун (окуу-методикалык кабинеттердин) талабы боюнча курстук иш-чараларга катышуу үчүн адистерди жөнөтүү жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине көмөк көрсөтүү;

Кыргыз өкмөтүнүн атайын чечими менен кайрадан түзүлгөн Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы республикалык педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун башкы максаты да мугалимдердин кесиптик билимин арттыруу болуп саналат [5, 23-26б.]. Албетте, коомдогу албуут өзгөрүүлөр бул жаатта да жаңылануулардын болушун шарттап жаткансыйт.

Учурдагы ченемдик укуктук базада квалификацияны жогорулатуу системасынын максаттарында жана милдеттеринде белгисиздиктин жогорку даражасын белгилейбиз. Анын жалпы билим берүү системасындагы ордун аныктоочу документтерди талдоо квалификацияны жогорулатуу системасынын миссиясынын жана милдеттеринин жетишээрлик кеңири аныктамасын көрсөтөт.

Окутуунун тартибин тактоо жана мугалимдер эмнени жасай алышы керек деген идея биринчи жолу

2014-жылдын Мамлекеттик стандартында пайда болот. Бирок ошол эле учурда квалификацияны жогорулатуу системасы боюнча милдеттер эч бир стратегиялык же концептуалдык документтерде көрсөтүлгөн эмес. Берилген булактардын негизинде квалификацияны жогорулатуу системасы тарабынан белгиленген негизги функциялары же иш-чаралар:

- ✓ окуу процессин өркүндөтүү боюнча педагогикалык кадрларга теориялык жана практикалык жардам көрсөтүү максатында 72 сааттан кем эмес квалификацияны жогорулатуу курстарын иштеп чыгуу жана өткөрүү; мамлекеттик заказдарга жана окутуунун муктаждыктарына ылайык;
- ✓ билим берүү кызматкерлеринин ар кандай категорияларын жаңы билим берүү стандарттары боюнча иштөөгө даярдоону камсыз кылуу;
- ✓ мугалимдерди методикалык жактан камсыз кылуу аркылуу педагогикалык жамааттын усулдук жана өз алдынча билим берүү иштерин координациялоо;
- ✓ республиканын педагогикалык курамын сапаттык аттестациялоого көмөк көрсөтүү.

Адабияттар:


1. Тайтелиев, Ч. Мектеп мугалимдеринин жана окумуштуу адистердин кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун арттыруу боюнча иштеринин журнал беттеринде чагылдырылышы. [Текст] ISSN 1694-7452 //Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. 2015, № 4. – 144-148 беттер.
2. Болтаева, З.З. Подготовка педагогов профессионального обучения с учетом требований современной системы образования. [Текст] ISSN 2072-0297 // Молодой ученый. 2016. № 2. 772–774с.
3. Дюшеева Н.К. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу – билим берүү сапатын көтөрүүнүн негизги фактору болууда. “Кут билим” газетасы. 2017. 20- январь.
4. 2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы. Бишкек. 2021ж.
5. Назарматова, Г.А. Квалификацияны жогорулатуу процессиндеги ЖОЖдун окутуучуларынын компетенттүүлүгүн жакшыртуу [Текст] / Г.А. Назарматова // Вестник БГУ. – 2020. – №2-3 (52-53) – С. - 23-26
6. Бабаев, Д.Б. Педагогикалык адистерди даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун проблемалары. Журнал «Известия КАО» №4 (20) 2011 г. С.31-34.
7. Пономарёва, О. Н. Повышение квалификации учителей: проблемы и пути решения в российском образовании // Известия ПГПУ им. В. Г. Белинского. 2012. № 28. С. 57–60.
8. Онушкин, В. Г. Концепция повышения квалификации педагогических кадров школы /В. Г. Онушкин. – СПб.: Ин-т образ. взрослых РАО, 1996. – 126 с.